УДК 378:378.4

Орузбаева Б.С.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ОКУТУУ ОРУС ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ТАЙПАЛАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫН ОКУТУУДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН СӨЗ БАЙЛЫГЫН (КЕБИН) ӨСТҮРҮҮ ҮЧҮН ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ЫКМАЛАР

*Макалада жогорку окуу жайларындагы окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн тайпаларда кыргыз тилин окутуу жана окутуу учурунда студенттердин оозеки кебин өстүрүүчү ар түрдүү жаңы ыкмаларды, методдорду колдонуу менен иш жүзүнө ашыруу маселелери каралат.*

Орус тайпаларында кыргыз тилине окутуунун алгачкы этабында студенттердин сөз байлыгын, кебин өстүрүү өзгөчө маанилүү. Тил жалгыз гана кептик иш аракеттин ишке ашышында, аны туура, так пайдалануунун жүрүшүндө жана натыйжасында өздөштүрүлөт.

Негизинен, орто мектептердеги башталгыч класстарда эң жөнөкөй кептик кырдаалдарда окуучуларды бекем коммуникативдик көндүмдөрдү аткартуу менен алардын оозеки кебин өстүрүп калыптандырууга көңүл бөлүшөт. Ал көндүмдөр кыргыз тилин окутууну улантуучу этаптарда өздөштүрүүгө негизги база болуп калат. Ошондуктан, жогорку окуу жайларында дагы орус тайпаларындагы студенттердин кыргыз тилин өздөштүрүүсүнө орто мектептерден алып келген билимдери негизги база болуп эсептелет. Азыркы учурдагы лингвисттердин, психологдордун, педагогдордун милдети болуп, кыргыз тилине окуу предмети катары орто мектептерде окуучулардын, ал эми ЖОЖдордо студенттердин кызыгуусун, кыргызча кептик байланыш жасоого умтулуусун пайда кылуучу негиздерди изилдөө эсептелет.

Деги эле бардык иш-аракеттердей эле кептик иш-аракет да кызыгуудан, умтулуудан башталат. Кептик иш-аракетке кызыгууну, умтулууну психологияда жана психолингвистикада Л.Н.Выготский, Н.И.Жинкина көбүрөөк изилдешкен.

“Кызыгуу, умтулуу кептик иш-аракетке чейин пайда болот. Ар бир сүйлөгөн кептен, фразадан мурун кызыгуу, умтулуу пайда болот. Кептин, диалогдун ар бир бурулушунда, кептик ар бир жаңы кырдаалда умтулуу пайда болуп турат”,- деп жазган Л.Н.Выготский.

Жогорудагы изилдөөчүлөрдүн айткандарынан улам, биз биринчи кезекте билим берүүдө окуучуларды да, студенттерди да кыргыз тили предметине кызыктыруу менен, алардын тилди өздөштүрүүгө умтуулусун пайда кылышыбыз керек.

Педагогикалык өнүгүштө кызыгуунун, умтулуунун жаралышы көбүнчө мугалимдин жөндөмүнө, окуу материалдарынын мазмунуна жана сапатына жараша болот. Бул, айрыкча, кыргыз тилин жаңыдан баштап үйрөнүүчү (1-курстун) тайпаларга кыргыз тилин алгач окута баштаган учурда зор мааниге ээ. Бул кезде студенттердин көңүл буруусу туруктуу эмес, алар тез чарчашат, анткени алар орто мектептерде 40-45 мүнөттүк гана сабактарды окууга көнүшкөн, ошондуктан аларга убакыт дагы, сабак өтүүдөгү ыкмалар дагы жат сезилип, окуудагы кетирген каталарын капалануу менен оор кабыл алышат. Студенттердин бул сыяктуу психофизиологиялык өзгөчөлүгүн жана кайсы, кандай шартта, кайсы жерден келгендигин окутуучу сөзсүз эске алуусу зарыл. Окуунун башындагы ийгиликтер тилди үйрөнүүдөгү кийинки этаптарга да умтулууну улантат. Ошондуктан окутуунун башында окутуучунун милдети болуп тилди үйрөнүүгө кызыгууну гана пайда кылбастан, ага натыйжалуу окутуу да болуп саналат.

Жогоруда белгиленгендей, ЖОЖдорго балдар ар кандай даярдык менен келишет: бири шаардан, бири айыл жеринен, бири тентек, бири жалкоо, бири иштерман, ошондой эле улуту боюнча да бири кыргыз, бири уйгур, бири орус болуп, оозеки кебин да ар кандай өзгөчөлүктөргө ээ. Мунун баары биринчи учурларда кыргыз тилин өзгө тил катары окутууну татаалдантат. Окутуучу бул өзгөчөлүктөрдүн баарын эске алып, окутууну аларга жараша уюштурушу керек.

Окутуучу кыргыз тилинин грамматикасын гана жакшы билбестен, ошол тилде сүйлөгөн элдин маданиятын да терең билип, тилдин кайталангыс, кооз кубулуш

экендигин, ошонун ичинде кыргыз тилинин да бай тарыхы бар, рухий дөөлөттөрдүн жыйындысы болгон элдик оозеки чыгармаларга сугарылган улуу тил экендигин да ачып көрсөтүшү керек. Ошого жараша ар түрдүү көрсөтмө куралдарды, дидактикалык материалдарды, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн, улуттук буюм-тайымдарды чогултуп, аларды өтүлгөн сабактарда көрсөтмө материал катары колдонуп сабак өтүү да студенттердин, өзгөчө башка улуттагы улан-кыздардын кызыгуусун арттырат, ошондой эле эффективдүү, сапаттуу билим алууларына да өбөлгө түзөт.

Акыркы жылдарда окумуштуулар да окуу процессин активдештирүүнү камсыз кылуучу жаңы жолдорду, чыгармачыл ыкмаларды издеп жатышат. Азыркы убактарда окутуунун активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн, көбүнчө ар кандай видеоматериалдарды, слайддарды, оюндарды, жомокторду, инсценировкаларды, окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуп жатышат. Дидактикалык материалдар кептик иш-аракетти уюштурууга, окутууну жана тарбиялоону натыйжалуу жүргүзүүгө жардам берет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, кыргыз тилин орус тайпаларында окутууда оозеки кепти өстүрүү үчүн төмөнкү сабак өтүүдөгү типтерди жана ыкма-методдорду пайдаланууну сунуш кылабыз:

1. Окутуунун интерактивдүү жаңы методдорун көбүрөөк пайдалануу (мээ чабуулуу, БББК, карусель ж.б.)
2. Аңгемелешүү, суроо-жооп.
3. Техникалык каражаттарды пайдалануу.
4. Тексттерди котортуу.
5. Сөздүк жаттатуу.
6. Сүрөт менен иштөө,тексттерди түздүртүү.
7. Көрсөтмө куралдарды, дидактикалдык материалдарды колдонуу.
8. Экскурсияларга чыгуу.
9. Өз оюн айтууга көнүктүрүү.
10. Темага байланыштуу кошумча материалдарды колдонуу.
11. Текстти аудирлеп угузуу ж.б.

Бул ыкмаларды колдонуп биз атайын эксперименттерди жүргүздүк, жүргүзгөн эксперименталдык окутуунун айрым жыйынтыктарына толугураак токтолсок, эксперименталдык окутуунун өзөгүн ар түрдүү ыкмаларды жана кошумча кептик материалдарды сабакта колдонуу түздү.

Окутуу учурунда окутуучу жалаң гана окуу китебиндеги материалдар менен чектелбестен, атайын кошумча кептик материалдарды маани-мазмуну жагынан, грамматикалык темаларга шайкеш, сапаттуу тандап алууга көңүл бөлсө, студенттерге да жаңы теманы өздөштүрүү жеңилирээк болот.

Окутуу жаңы башталган тайпаларда жогоруда белгиленген психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып, окутууда оюндарды пайдаланууга аракеттендик. Бул максатта “Сыйкырдуу куржун”, ”Таап көрчү”, “Ким мыкты?” ж.б. оюндарды пайдалансак болот. Мисалы, “Улуттук тамак-аштар” темасы боюнча сабакта оозеки кепти өстүрүү үчүн эки студентти эт жана сүт азыктарынын сүрөттөрүнүн курамынан тигил же бул тамга боюнча керектүү тамактарды туура тандагыла деп иштетип, ал сөздөрдү кептик байланышка киргизсек болот. Оюн, адатта, жандуу, кызыктуу, тез өтөт. Эң башкысы улан-кыздар оюн учурунда өздөрүн эркин сезишет, оюнга берилип, уялууну, кысынып тартынууну жоготушат, туура эмес сүйлөп аламбы деп чочулашпайт, өзгө тилде сүйлөөдөн коркуу жоголот.

Бул жерде окутуу билим берүү гана менен чектелбейт, ал студенттердин көз карашын кеңейтүүгө, инсандык, руханий дүйнөсүн өстүрүүгө да көмөк берет. Бул учурда кыргыз тилин өзгө тилдей окутуунун маани зор. Анткени бул жерден студенттерге кыргызча эркин сүйлөй алууга гана эмес, ал тилдин ээси болгон кыргыз элинин тарыхы, келечеги каада-салты менен тааныштырууга да өзгөчө көңүл бурулат.

Жыйынтыктап айтканда, ЖОЖдордогу студенттерге деле орто мектептин окуучулары сыяктуу жаңы ыкмаларды, оюндарды, техникалык каражаттарды колдонуп сабак өтүү окутуунун сапатын жакшыртат жана студенттердин оозеки кебинин тазалыгына, сөз байлыгынын өсүшүнө, кеңейишине, таалим-тарбия алуусуна зор өбөлгө түзөт деген ойду айтмакчыбыз.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Б., 2004.
2. Выготский Л.С. Мышление и речь. – М., 1934.
3. Методика развития речи. – М., 1991.
4. Методика преподавания кыргызского языка в русскоязычных учебных заведениях. – Б., 2001.
5. Сартпаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф., 1978.
6. Осмонкулов А. Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин окутуунун тарыхы. – Б., 2006.
7. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуу методдору. – Б., 2007.